**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, филология илимдеринин кандидаты Жумагул кызы Айнуранын изденүүчү Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “ Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу диссертациясына**

## КОРУТУНДУ П И К И Р И

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин туура келиши.** У. Т. Мураталиеванын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу кандидаттык иши Д 10.02.01 диссертациялык кеңештин багытына туура келет. Анткени иште 10.02.01 – кыргыз тили илими адистигинин паспортуна туура келүүчү маселелер - жалпы риториканын изилдөө ишине байланышы бар айрым өзөктүү маселелер, ошондой эле кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикалары, принциптери, манипуляциялык ык-амалдары, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелери изилдөөгө алынган.

Изилдөөнүн мазмуну жана жыйынтыктары 10.02.01 – кыргыз тили илими адистигинин талаптарына жооп берет.

2. **Изилдөөнүн максатын** кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, принциптерин, манипуляциялык ык-амалдарын, псевдологикалык технологияларына байланышкан маселелерин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизиндеги изилдөө түзөт.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

- жалпы риториканын, анын ичинде кара риториканын теориялык жана практикалык маселелеринин жалпы тил илиминде, түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы концептуалдуу көз караштарга, илимий адабияттарга сереп жүргүзүү;

- жалпы риториканын алкагында каралчу негизги, базалык түшүнүк-категорияларды, ораторлорду түрлөргө бөлүштүрүүнүн принциптерин, прецеденттүүлүк кубулушунун конкреттүү тилдик иллюстрациялардын мисалында изилдөө;

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
ВХОДЯЩИЙ №10-24-02
«25» 11 2024 г.

- кара риториканын максаты, колдонулуу чөйрөсү, принциптери, суггестивдик лингвистика менен болгон байланышы, кептик стратегиялардын типологиясы, манипуляциялык ык-амалдар өңдүү теориялык негизги маселелерди кыргыз тилиндеги көркөм жана медиатексттердин мисалында иликтөө;

- текстке риторикалык талдоо жүргүзүүнү кыргыз тилиндеги көркөм тексттердин мисалында көрсөтүү жана медиатексттерден алынган мисалдар аркылуу элокуция, кептик фигуралардын кара риторикада колдонулушу өңдүү маселелерге илимий негизде илик жүргүзүү.

**Диссертациянын изилдөө объектиси катары** кара риторикадагы стратегиялар, кептик тактикалар, манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар эсептелет, ал эми предмети катары риторикалык фигуралар, көркөм тексттер, саясий медиатексттер тандалып алынган.

**Изилдөөнүн методдору -** лексикалык бирдиктердин семантикалык анализи, сыпаттама, системалаштыруу, эвристикалык, интерпретациялоо, структура-семантикалык жана семантика-функционалдык аспектилер, салыштыруу методдору, жалпылоо принциптери, лингвистикалык, риторикалык анализ колдонулган.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы учурда риторика грамматика, логика, стилистика, кеп маданияты, поэтика өңдүү жана башка бир катар дисциплиналар менен тыгыз байланыштагы, филологиялык циклдагы илим катары гана эсептелбестен, дээрлик бардык илимдерге жана искусствонун түрлөрүнө тиешеси бар, ал гана эмес аларды өздөштүрүүнүн «кептик инструментине» айланган өзгөчө илимий тармак, экинчи жагынан, таасирлүү, максаттуу, натыйжалуу сүйлөө чеберчилиги же искусствосу катары аныкталып жүргөндүгү белгилүү. Демек, коммуникациянын башка түрлөрү менен катар, адамзат коомунда вербалдык коммуникациянын ролунун азыркы учурдагыдай деңгээлге жетип, татаал системага айланып, тармакталышын риториканын педагогикалык риторика, юридикалык риторика, саясий риторика, аскерий риторика, дипломатиялык риторика, эвристикалык риторика, иштиктүү риторика, илимий риторика, компоративистик риторика, полемикалык риторика, манипуляциялык риторика, медиариторика, медициналык риторика, кара риторика өңдүү бир катар түрлөргө бөлүнүшүнөн да көрүүгө болот. Маселен, кара риторикага: «сүйлөшүүнү каалаган нукка буруу, оппонентти, публиканы өзүнө керектүү бүтүмгө келтирүү үчүн риторикалык, диалектикалык, эристикалык жана рабулистикалык ык-амалдарды манипуляциялык максатта колдонуу» «баарлашууну жеке мүнөзгө өткөрүү, этикалык нормаларды одоно бузуу

жана оппонентти эмоциялык тең салмактуулуктан чыгаруу менен, аны өзүнүн эркине баш ийдирүүгө, макул кылууга багытталган аракеттердин жыйындысы» деген өңдүү аныктамаларда аракеттердин баары «оратор» түшүнүгүнө түздөн-түз байланыштуу. Андыктан Турмушта демагогия, псевдологикалык технологиялар, вербалдык агрессия, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын кайсы бирин анын кара риторикага мүнөздүү экендигин билбей же аңдабай колдонгондугубуздун өзү кара риториканын биздин коомдук турмуштагы кептик реалдуулук экендигин айгинелейт. Демек, мындай кептик реалдуулук катары эсептелген кара риториканын теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө арналган иштин темасынын **актуалдуулугун** төмөндөгүдөй жагдайлар аркылуу негиздөөгө болот:

- кара риторикага кыйыр байланышкан айрым бир эмгектерди эске албаганда, анын кыргыз тил илиминде атайын изилдөөнүн объектиси болбогондугу;
- коомдук жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө активдүү колдонулган псевдологикалык технологиялар, манипуляциялык амалдар, рабулистика, софистика өңдүү ык-амалдардын чеги, түрлөрү ажыратылып, конкреттүү тилдик фактылардын мисалында каралбагандыгы;
- кыргыз тил илиминде текст система-структуралык, семантика-функционалдык, лингвопрагматикалык анализдердин объектиси катары лингвистикалык, лингвостилистикалык, филологиялык өңүттөрдөн талдоого алынганы менен, тексттин риторикалык түзүлүшүнө талдоо жүргүзүлбөгөндүгү;
- кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикалардын реализацияланышында, кептик жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрүнүн текстте чагылдырылышында, псевдологикалык технологиялардын, вербалдык агрессия, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү амалдардын ишке ашуусунда риторикалык фигуралардын маанисинин ачылып берилбегендиги.

3. **Илимий жыйынтыктары.** Диссертацияда кыргыз тили илиминин өнүгүшү үчүн белгилүү даражада мааниге ээ болуучу төмөнкүдөй жоболор келтирилген:

**1-натыйжа (жобо):** Кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги башка тилдик фактылардан тышкары, фольклордук чыгармалардын үлгүлөрүнөн ачык көрүнөт.

**2-натыйжа:** Айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу кеп маданияты жана стилистика

багытындагы изилдөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлөт. «Кеп маданияты» түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен болуп эсептелет.

**3-натыйжа:** Кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикаларды, манипуляциялык ык-амалдарды, псевдологикалык технологияларды реализациялоодо риторикалык фигуралар өзгөчө мааниге ээ болот.

**4-натыйжа:** Кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да риторикалык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөт.

**3.1. Иштин диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарга жооп бере турган илимий жаңылыгы.** У. Т. Мураталиеванын изилдөөсүндө жалпы риториканын айрым негизги маселелери менен катар кара риториканын концептуалдуу проблемаларынын кыргыз тилиндеги материалдардын мисалында каралышы, мындан тышкары риторикалык фигуралардын кара риториканын негизги стратегиялары менен тактикаларын, манипуляциялык ык-амалдарын, псевдологикалык технологияларын реализациялоо максатында колдонулушун, көркөм текстке риторикалык талдоонун жүргүзүлүшүн жана ушул өңдүү өзөктүү аспектилерге тиешелүү бир катар маселелердин изилденишин иштин илимий жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**3.2. Диссертацияда берилген ар бир илимий натыйжанын (жобонун) жана тыянак корутундунун негизделүү жана тастыкталуу даражасы.**

**1-натыйжа (жобо) ынанымдуу,** себеби кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, демагогия, рабулистика, софистика өңдүү манипуляциялык ык-амалдардан башат алып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги жалпы тил илими, түркология жана кыргыз тил илими жаатгарында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн контекстинде каралып, бир катар тыянактар чыгарылган.

**2-натыйжа дагы ынанымдуу,** анткени айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу кеп маданияты жана стилистика багытындагы изилдөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлүп берилген. «Кеп маданияты» түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилген, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен болуп эсептелет.

**3-натыйжа** белгилүү бир даражада ынанымдуу себеби, кара риториканы манипуляциялык ык-амалдар, псевдологикалык технологиялар өңдүү каражаттарды пайдалануу жолу аркылуу максатка жетүү катары түшүндүрүп, негизги принциптери талдоого алынып, суггестия адамды

кандайдыр бир аракеттерди аткаруусун мотивдештирерин, белгилүү бир стратегиялык максаттардын бир нече типологиясы белгиленип, медиаексттерден тышкары кептик тактикалар жана манипуляциялык ык-амалдарды иллюстрациялоо максатында көркөм тексттерден алынган үзүндүлөр да иликтенген.

- **4-натыйжаны** дагы ишенимдүү деп эсептөөгө болот, анткени манипуляцияларга, вербалдык амалдарга көңүл бурулуп, кара риторикада аларды ишке ашыруунун каражаттары катары амплификация, климакс, антиклимакс, антитеза, атрибутизация, апозиопезис, прозиопезис, парцелляция өңдүү жана башка риторикалык фигураларды иллюстациялоо үчүн интернет булактарынан алынган материалдар, атап айтканда, саясатчылардын кайрылууларына, алардын ортолорундагы кайым айтышууларга байланыштуу тилдик иллюстрациялар талдоого алынган.

**3.3. Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

**1-натыйжаны** *жарым-жартылай жаңы* деп эсептөөгө болот, анткени кара риторика классикалык риториканын контекстинде жаралып, өнүгүп-өзгөрүп келгендиги буга чейин эле белгиленип келген.

**2-натыйжаны** *жаңы* деп санаса болот, себеби айрым түрк тилдеринде, анын ичинде кыргыз тил илиминде риторикага салыштырмалуу кеп маданияты жана стилистика багытындагы изилдөөлөрдүн басымдуулук кылышы орус тил илиминин таасири аркылуу түшүндүрүлөт жана «Кеп маданияты» түшүнүгү орус окумуштуулары тарабынан киргизилгендиги, орус тил илимине гана мүнөздүү феномен экендиги биринчи жолу иликтөөгө алынган.

**3-натыйжаны** *жаңы* деп эсептөөгө болот, анткени кара риторикадагы кептик стратегиялар менен тактикаларды, манипуляциялык ык-амалдарды, псевдологикалык технологияларды реализациялоодо риторикалык фигуралар өзгөчө мааниге ээ болоору бул изилдөөдө ачылып берилген.

**4-натыйжаны** *жаңы* деп саноого негиз бар, себеби кыргыз тил илиминде тексттерге, анын ичинде медиатексттерге да риторикалык анализ жүргүзүү зарылдыгы Кыргыз Республикасында болуп жаткан саясий процесстердин таасири астында саясий риториканын, полемикалык риториканын, манипуляциялык риториканын, медиариториканын актуалдашуусу аркылуу да түшүндүрүлөрүн биринчи жолу ачып көрсөтө алган.

**3.4. Иштин теориялык мааниси.** Диссертациялык изилдөө кыргыз тили илиминде, филологиясында лексикология, паремиология, лингвопаремиология, лингвоконцептология, лингвомаданият таануу жана белгилүү бир даражада фольклористика боюнча илимий-теориялык көз караштарды тереңдетип өнүктүрүүгө, байытууга салым кошо алат. Ошону

менен эле бирге изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар аталган багыттар боюнча окуу куралдарын, типтүү жана жумушчу программаларды, лекциялык курстардын тексттерин даярдоодо теориялык материал иретинде колдонууга сунушталат.

**3.5. Квалификациялык белгилерге дал келиши.**

1. Диссертациянын жыйынтыктарынын мүнөзү: илим чөйрөсүнө жана темасына жараша өлкөнүн экономикасы үчүн олуттуу мааниге ээ илимий жактан жацы негизделген техникалык, экономикалык же технологиялык иштеп чыгууларды түшүндүрүү.

2. Диссертациянын жыйынтыктарынын жаңычылык деңгээли: айрым жыйынтыктары жаңы эмес.

3. Диссертациянын жыйынтыктарынын баалуулугу: жогору.

4. Диссертациянын темасынын пландуу изилдөөлөр менен байланышы: тема тармактык программага, илимдер академиясынын, же мекеменин тематикалык планына кирет.

5. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын пайдалануу деңгээли: тармактын масштабында.

6. Прикладдык мааниси бар диссертациянын жыйынтыктарын кеңири пайдалануу боюнча сунуштар: кеңири пайдаланууну талап кылат.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Изилдөө ишинен алынган корутунду пикирлер, тыянак-натыйжалар, теориялык материалдар жана негизги жоболорду риторика, кеп маданияты, тексттин лингвистикасы, заманбап медиатекст, когнитивдүү лингвистика, экспрессивдик синтаксис, коммуникативдик синтаксис, көркөм текстке лингвистикалык илик жүргүзүү өңдүү дисциплиналар боюнча лекциялык курстарды жана семинардык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефератта диссертациянын негизги мазмуну, жалпысынан, кыскача чагылдырылган; структуралык жагынан дал келет. Диссертациянын текстинде учурабаган кошумча маалыматтар жок.

**6. Эскертүүлөр жана сунуштар:**

• Диссертациялык иштин ичинде атайын бөлүп көрсөтүү зарылчылыгы болбогон жерлерде аларды ыгы жок өзгөчө белгилеп көрсөтүүнүн кандай жана канчалык кажети бар (мисалы, 71-92-беттердеги жоон кара (жирный) менен белгилеп көрсөтүү, же 83-85-беттерди бүтүндөй жана 3.5-бөлүмдү (125-бет) жантайынкы (курсив) шрифт менен белгилөө)?

•Диссертациялык иштин ичиндеги берилген бир топ (айрым дагы эмес) шилтемелер пайдаланылган адабияттардын тизмесине кирген эмес (мисалы, киришүү бөлүмүндөгү Лучко, [2006],1.2-бөлүмдөгү [Шатинова, 1979], 2.1-

бөлүмдөгү Н.Б. Мечковская [1998], Гимпельсон [2008], кийинки бөлүмдөрдө В.А. Гофман [2010], М.Я.Гловинская [1993], А. Б. Бушев [1999]  ж.б. дагы бир топ авторлор) жана талапка ылайык аларды кайрадан толуктап карап чыгуу сунушталат.

•Текст ичинде шилтемелерди бирдей формада берүү алгылыктуу болсо болмок, ошондуктан "КР президентине караштуу  УАКтын диссертацияны жана авторефератты даярдоо боюнча нускамасына" ылайык кайрадан карап чыгуу талап кылынат (айрым шилтемелерде автордун фамилиясы жана инициалдары, эмгектин чыккан жылы, бети, дагы айрым шилтемелерде автордун фамилиясы, эмгектин бети берилген,  айрым жерлерде чарчы кашаа менен эмес, кадимки кашаа аркылуу берилген, мисалы, 66-беттеги Н. Кошанский, 1829, Я. В. Толмачев, 1815).

•Диссертациянын жана авторефераттын текстинде бир нече орфографиялык каталар кездешет, аларды дагы ондоо талапка ылайык.

• Техникалык мүчүлүштүктөр да көп кездешет. Талапка ылайык аларды оңдоо керек.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүндүгүнүн жетиштүү сайда жарык көрүшү.**

1. Мурaталиева, У.Т. Элементы черной риторики в диалогических жанрах фольклорных произведений [Текст]/  /У.Т.Муратaлиева// Научный аспект,  т. 4, № 2 – 2019.  -С. 896-904. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=39164482

2. Мураталиева, У. Т. Сүйлөшүү стилин речте колдонуу ыкмасы жана тилден []тышкаркы факторлору [Текст]/ (Текст) /У.Т. Мураталиева//  Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 125-135-б.б. ttps://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565345

3. Мураталиева, У.Т. Сүйлөшүү стилиндеги бейвербалдык каражаттардын колдонулушу[Текст]/У.Т.Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. №4. 136-147-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42565346

4. Мураталиева, У.Т. Риториканын адамга таасир этүүсү жана сөздүн магиялык табияты [Текст] /У.Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. 2019. №3 162-168-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466314.

5. Мураталиева, У.Т. Риторикадагы сөздөрдүн магиялык күчү жана алардын лексика-семантикалык белгилери [Текст] / У. Т. Мураталиева// Ала Тоо Academic Studies. -2019. -№3. 169-175-б.б., https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42466315

6. Мураталиева, У.Т. Влияние красноречия на жизнь человека [Текст] /У.Т. Мураталиева//  Научный аспект, т. 3 , №4 -2020. 292-299 стр. ISSN 2226-5694

7. Мураталиева, У.Т «Манас» эпосун кара сөзгө айландыруунун өзгөчөлүктөрү [Текст] /У.Т. Мураталиева// Вестник Кыргызстана. -2021. №1 (2) 58-65 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48067904

8. Мураталиева, У.Т  Элдик оозеки чыгармачылыкта кара риториканын

берилиши [Текст] / У. Т. Мураталиева // Вестник КГУСТА. -2022. №1(75). 158-161 стр. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

9. Мураталиева, У.Т. Чечендиктин диалогдук кепте берилиши (Текст) /У.Т. Мураталиева// [Текст] Академик Б.Орузбаева жана филология маселелери. Илимий жыйнак. -2016. 150-154-б.б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48339909

10. Мураталиева, У. Т. Сөздүн магиялык кудурет-күчү жөнүндө [Текст] / У.Т. Мураталиева // Наука и новые технологии. -2013. №1. 265-270 стр.

**8. Диссертациянын кеңешке сунуш кылынган документтерин карап чыгып,** Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңешке Мураталиева Уркуя Тойчуевнанын кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Создүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу диссертациялык ишин 10.02.01 – кыргыз тили илими адистиги боюнча кабыл алууга негиз бар деп эсептейбиз.

**9. У. Т. Мураталиеванын диссертациялык иши үчүн сунушталган жетектөөчү мекеме жана расмий оппонеттер.**

У. Т. Мураталиеванын “Сөздүн магиялык кудурет-күчү: риторика маселеси” аттуу 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме катары К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасы сунуш кылынат. Дареги: 720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27.

**Расмий оппоненттер катары төмөнкүлөр сунушталат:**

**1. Дунканаев Абдыкалык Токтогулович** – К. Тыныстанов атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессорунун м.а.

**Эмгектери:**

1. Кыргыз эл макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү. - Каракол: ЫМУ, 2010

2. Дидактикалык чыгармалардын тили макал - текст. Бишкек: 2016.

3. Кыргыз тил илиминдеги жаңы багыт башаты" (Академик С. Ж. Мусаевдин айрым изилдөөлөрү боюнча // Наука и новые технологии. -2023. - №12.

4. Сүйлөмдүн семантикалык-структуралык маселесине карата. -Бишкек: Ж.Баласагын атындагы университетинин жарчысы, 2015.

**2. Максутова Айзада Асанбековна** – филология илимдеринин кандидаты, Эл аралык Кувейт университетинин журналистика жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти

**Эмгектери:**

1. Кыргыз тилиндеги «өлүк» сөзүнүн тергөөлөрүнүн объектилери [Текст] / А. А. Максутова // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2018. −№3 – 98-103-бб.
2. Виды эвфемизмов в кыргызском языке, связанных со смертью и выражением соболезнования [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7. С. 394-398.
3. Семантические группы эвфемизмов в кыргызском языке [Текст] / А. А. Максутова // Бюллетень науки и практики. −Нижневартовск, Россия. 2021. −№7.С.437-441.
4. Кыргыз тилиндеги «көмүү» сөзүнө байланыштуу тергөөлөр [Текст] / А. А. Максутова, Б. Ш. Усубалиев // ALATOO ACADEMIC STUDIES. Эл аралык Ала-Тоо университети. 2021. −№4 – 169-174-бб. 2.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин кандидаты,**
**И. Раззаков атындагы Кыргыз**
**мамлекеттик техникалык**
**университетинин кыргыз тили**
**кафедрасынын доценти** **А. Жумагул кызы**
**25.11.2024-ж.**

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү А. Жумагул кызынын колун тастыктаймын.**

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
Колун тастыктайм
Адам ресурстар башкармалыгынын башчысы

**Д 10.24.700 диссертациялык**
**кеңештин окумуштуу катчысы, ф.и.д.** **С. К. Каратаева**